Кыргыз Республикасынын билим берүү

жана маданият министирлигинин

коллегиясынын 2002-ж.25-мартындагы

№2/6 чечими менен

СУНУШТАЛГАН

# ОКУУЧУНУН АБРОЙУНУН КОДЕКСИ

Мен Кыргыз Республикасынын окуучусу

-Кыргыз Республикасынын Конститутсиясынын сактоого.Кыргызстандын көз каранды эместигинин символдорун.Гимнин,Гербин жана Желегин билүүгө жана сыйлоого;
–өлкөбүздүн жараны катары өз Мекенин сыйлоого жана сүйүүгө,өз милдетин аткарууга.Манастын осуяттары боюнча чынчыл жана адилет жашоого;
-улууларга,мугалимдерге жана ата-энелерге адептүү болууга;
-өз акылын өнүктүрүүгө,тарбиялуу жана билимдүү болууга аракет кылууга;
-не тилин сүйүүгө жана үйрөнүүгө башка элдердин жана өлкөлөрдүн тилин жана маданиятын үйрөнүүгө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Баланын укуктары жөнүндөгү конвенцияда каралган өз укуктарын жана башкалардын укугун сактоого;
-өзү жөнүндө кам көрүүгө өз ден соолугун сактоого,өзүн өзү өркүндөтүүгө жана өзүнүн чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү менен дайыма алектенүүгө;
-менден жакшылар менен бир катарда болууга жана менден начарыраактарга колдо көрсөтүүгө;
-акылдуу болууга ойлонулбаган чечимдерди албоого;
-мага мен каалагандай мамиле кылсын дегендей башкаларга да ошондой мамиле кылууга,жакшылык кылууга аракеттенүүгө;
-түтүмдүүлүктү кармоо: башка адамдарга алардын көз караштарына,каада-салттарына жана динине чыдамкай болууга;
-өз элинин жана Кыргызстанда жашаган башка элдердин демократиялык каада-салттарын,үрп-адаттарын сактоого;
-өзүмдүн тышкы түрүмдү жана жүрүш-туруш этиканы кармануугa алар менен ички гармониямды жана сулуулугумду билдирет;
-менин курчап турган жаратылышты,менин үйүмдү,менин мектебимди сактоого,анын кымбат назмын көбөйтүүгө;
-Кыргыз Республикасынын татыктуу жараны болууну,анын гүлдөшүн камсыз кылуу үчүн мага кеңири билим,сын көз менен ой жүгүртүү жана ынтымак менен кызматташуу керектигин унутпоого милдеттенеи.